| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЕТОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз X сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**29-август 2025-жыл** **№10/3** **Баетов айылы**

**Жайлоолордон эрте түшүп келген малдардын ээлерине айып пул салуу жөнүндө**

КР Укук бузуу жөнүндө Кодексинин 251-252 беренелерине ылайык, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин кезексиз X сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айып пул салуу төмөнкүдөй негизде бекитилсин.
   1.1 Орто-Сырт жана Кара-Суу, Кара-Талаа, Кызыл там жайлоолорундагы малдардын ээлерине малдары белгиленген убакыттан эрте түшүп келген учурда мал ээлерине зыяндын ордун толтуруу боюнча ар бир бодо башына 1000 (миң сом) өлчөмүндө айып пул салынсын.
   1.2 Айдап келип камаган адамга кызмат көрсөткөндүгү үчүн 3000 (үч миң) сом өлчөмүндө акча каражаты мал ээси тарабынан төлөнсүн.
   1.3 Кочкорлорду, майда жандыктарды бөлүп келип бошоп калган айдоо аянттарына жайган мал ээлерине (жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө) протоколдун негизинде 7500 (жети миң беш жүз )сом айып пул салынсын
2. 2025-жылдын 1-октябрына чейин бошогон аянттарга малдардын жайылуусуна тыюу салынсын.
3. Тийиштүү иш кагаздарын жүргүзүү Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы А. Акиевге тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

Жиберилди: Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына